Бекитем

Директор: Акматалиева Н.К.

**Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын социалдык педагогуна коюлуучу кесипкөй талаптар**

1. **Кызматтык милдеттери:**

- Жалпы билим берүүчү мектептерде социалдык педагог бала менен үй-бүлөнүн социалдык чөйрөнүн, социалдык кызматтардын, ведомсволордун, укук коргоочу жана административдик органдардын ортосунда арачы катары иш жүргүзүп, турмуш-тиричиликтин орчундуу маселелерин чечүүдө балдарын кызыкчылыктарын коргойт;
- Социологиялык сурам жүргүзүп, балдардын жашоо-шарттарын аныктап, иликтейт; окуучулардын инсанынынпсихологиялык-медико-педагогикалык өзгөчөлүктөрүн, анын микрочөйрөсүн жана жашоо шарттарын иликтейт;
- Балдардын жүрүм-турумундагы чектен чыккан учуларды анык тоо максатында кыйынчылыктарды, чырдуу кырдаалдарды иликтейт;
- Балдар ата-энелердин мамилесинин жакшырышына көмөктөшөт, микроклиматы бей жай үй-бүлөлөрдөгү балдардын коммуникативдик билгичтиктеринин өсүшүнө өбөлгө түзөт;
- Ата-энелердин педгогикалык маданиятын жогорулатууга, өз милдеттерине аң-сезимдүү мамилесин калыптандырууга, балдардын ата-энелери менен баарлашууда пайда болгон көйгөйлөрүн чечүүгө да көмөктөшөт;
- Балдарды  социалдык коргоо, колдоо,алардын өмүрү менен ден соолугун сактоо боюнча иш-чараларды жүргүзөт;
- Камкордукка жана асыроого муктаж болгон балдарга зарыл жардамдарды көрсөтөт;
- Класстан жана мектептен тышкаркы  иштерге тартуу аркылуу жана жаштар, балдар уюмдары, мекемелери, клубдары менен кызматташтыкта балдардын эс алуусун уюштурууга жардамдашат;
- Балдар иштери боюнча комиссиянын иштерине катышат;
- Зарылдыкка жараша балдардын өздүк документтерин (туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, паспорт ...) калыбына келтирүүгө көмөктөшөт;
- Керектүү иш кагаздарды жүргүзөт;
- Ата-энелер (мыйзамдуу өкүлдөр) менен коомчулукту балдардын көйгөйлөрүн чечүүгө тартат;
- Балдар менен өспүрүмдөрдүн кызыкчылыктарын иликтөөгө байланышкан маалыматтарды чогултат, жашы жете электердин жеке маселелерин чечүү жана аларга шарттарды түзүү боюнча мамлекеттик  уюмдарга расмий суроо-талап жөнөтөт;

- Жүрүм-туруму бузулгандарга, турмуштук кыйын кырдаалдарга тушуккандарга, камкордукка муктаж болгондорго, өзгөчө муктаждыгы бар окуучуларга жардам берүү үчүн аларды эсепке алып, аларга жардам берүүдө мектептин мугалимдери, психологдору (эгер болсо) ата-энелер (алардын ордун алмаштырган кишилер), социалдык кызматтардын, жаштардын, жаштарды ишке орноштуруу кызматтарынын адистери, кайрымдуулук уюмдары менен бирге иш алып барат.

2. Социалдык педагог буларды билүүгө тийиш:

- Кыргыз Республикасынын Конституциясын жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик символикасын;
- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамдарын;
- КРнын «Балдар жөнүндө» кодексин;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексин;
- Баланын укуктары тууралуу конвенцияны жана социалдык-педагогикалык ишмердикти уюштуруу боюнча ченемдик-укуктук документтери;
- Педагогиканын негиздерин жана педагогикалык психологияны;
- Социологиянын негиздерин, физиологияны жана балдардын гигиенасына байланыштуу эрежелерди;
- Окуучуларга социалдык жардам берүү жана тарбиялоо жаатындагы мамлекеттик институттар менен коомдук уюмдардын кызматтары;

3. Кесипкөй талаптар:

- Жогорку билимдүү – социалдык иш боюнча адис, психолог жана педагогикалык атайын орто билимдүү болушу;

Жогорку педагогикалык билими жана мугалимдик кызматта 3 жылдан кем эмес иш стажы болушу зарыл.

Тааныштым: Бейшебаева З.Т. ____________